Куткаруучу

1.

Куткаруучу дайым даяр кызматта

Кырсык болсо жетип келет заматта

Милдеттерин аткарышат күн-түнү

Өлкөбүздүн булуң-бурчу тарапта

2

Куткарышат сууга агып чөккөндү

Зилзаладан жабыр тартып көчкөндү

Тилсиз жоонун чабуулуна кабылып

Үмүттөрү үзүлгөндү өчкөндү

3

Кырк чоросу силерсиңер Манастын

Коогаланда мен барам деп талаштың

Чордонунда жүрөсүңөр кырсыктын

Алган сыйлык көкүрөкө жарашсын.

Припев:

Куткаруучу сага таазим сага даңк

Өмүр сактап тирүүлүктүн отун жак

Жаратканым ар качанда колдосун

Кесибиңен алкыш алып кадыр тап.